ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 342.39 (575.2) (043.3)

**С.М. ТЫНЫМСЕИТОВА**
УНПК «МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ КЫРГЫЗСТАНА»,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: SYRGA-SOUL@YANDEX.RU
**S.M.TYNYMSEITOVA**
INTERNATIONAL UNIVERSITY OF KYRGYZSTAN,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC
E-MAIL: SYRGA-SOUL@YANDEX.RU
***E.mail. ksucta@elcat.kg***

## БАШКАРУУ ТҮРЛӨРҮН КЛАССИФИКАЦИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

## ПРОБЛЕМА КЛАССИФИКАЦИИ ФОРМ ПРАВЛЕНИЯ

## PROBLEM OF CLASSIFICATION FORMS OF THE MANAGEMENT BOARD

*Макалада ар кандай юридикалык критерийлерге туура келген башкаруу түрүн классификациялоо маселелери каралган. Байыртадан биздин күнгө чейинки келе жаткан классификациялоо маселелери да козголгон.*
***Чечүүчү сөздөр:*** *башкаруу түрү, башкаруу түрүн классификациялоо, башкаруу түрүн классификациялоо критерийлери, республика, монархия.*

*В статье рассматриваются вопросы классификации форм правления в соответствии с различными юридическими критериями. Затронуты вопросы классификации с античных времен до наших дней.*
***Ключевые слова:*** *форма правления, классификация форм правления, критерии классификации форм правления, монархия, республика.*

*The article deals with the classification of forms of government in accordance with various legal criteria. The issues of classification from ancient times to our days are touched upon.*
***Key words:*** *form of government, classification of forms of government, criteria for classification of forms of government, monarchy, republic.*

Мамлекеттин башкаруу түрүн классификациалоо өкмөт башында тургандардын санынан көз каранды, башкаруучу юридикалык классификациялоо чөйрөсүндө кенири таанымал, эн кары адам болот. Платон дагы башкаруу түрлөрүнүн айырмачылыгын үч жакшы мүнөзгө - акылмандык, эрдик жана кайраттулукка келтирүүгө аракет кылган, ошонун ичинен ар бири бул же тиги өкмөттө үстөмдүк кылат. Платон башкаруу түрүнүн тутумун беш ар кандай түрлөргө кенейткен: тимократия, тирания, аристократия, олигархия жана демократия.

Ошентсе да ар бир түзүлүш башкаруусу кайра жаралуу касиетине ээ болуп, акыры тиранияга өтөт. Демократия хаосту, башкарылгыс боштондукту алып келет жана демократия сөзсүз тимократияга жол салат деп, Платон демократияны башкаруунун эн жаман түрү деп атаган. Анын артынан Аристотель жогорку өкмөттү чагылдырган башкаруу түрүн саясий жактан карап, башкаруу түрлөрун классификациалоодо критерийлердин санын жана башка критерийлерди колдонгон. Аристотель социалдык элементтердин комбинацияларына карап, мамлекеттин курамына кирген бир нече тандалмаларын олигархий жана демократий, аристократия жана тирания сыяктуу түрлөргө бөлгөн жана

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кандай кылган күндө да мамлекет катарындагы ушундай түрлөр боло берээрин, “мамлекеттин башкаруу бөлүгүнөн өзгөчөлөнгөн касиеттерине карабастан, мамлекеттин түрлөрү сөзсүз болоорун” баса белгилеген. Олигархия жана демократия башкы түрлөр болуп саналат, себеби чыныгы бар мамлекеттердин сөз айкаштарынан жаралган, полития болсо башкага караганда туруктуу жана орточо жай башкаруу түрү, демократия менен олигархиянын ортосундагы, туура айтканда орто жай олигархия же болбосо орто жай демократия (чегинен ажыратылган демократия же олигархия) деп атаган.

Калк арасындагы “орто классты” бир калыпта тегиз бөлүштүрүү саясий дооматтарында жана жүрүм-турум стилинин шарттарында гана болушу мүмкун. Анткени дүйнөдө көпчүлүгү “орто классты” түзгөн мамлекеттер сейрек кездешет, ошондуктан баардык мамлекеттер же демократиялык, же олигархиялык. Так ошондуктан, полития “нормалдуу шарттарда эн жакшы башкаруу түзүлүш”, аз мамлекеттерде болгон жана практика жүзүндө сейрек кездешет. Аристотель болсо демократияны эн туура эмес башкаруу түзүлүшү - көпчүлүктүн бийлиги өз кызыкчылыгында деп атаган.

“Аралаш башкаруу түрү” - деген терминин эн алгачкы жолу байыркы рим ойчулу Полибий колдонгон. Анын “аралаш башкаруу түзүлүшү” өзүнө монархия, аристократия жана демократиянын белгилерин бириктирген. Баса белгилей кетчү нерсе, Полибий падыша бийлигинин, элдин бийлигинин жана улуулардын бийлигинин тен салмактуу жана өз ара бийлигинин бөлүнүүсүнүн негизинин керектүүлүгүнө таянып, дүйнөлүк саясий ойго биринчи болуп саясий-укуктук мамлекеттик башкаруу түрлөрүн окутууларды айтып чыккан.

Кийин кечирээк мезгилде Монтескье, ишканалардын ар кандай принциптерини башкаруу түрлөрүнүн классификациясынын критерийлерин жана мамлекет бийлигинин иш алып баруусун карап чыгып, жакшы нерсе демократиянын негизи, орточо жай-аристократиясынын негизи, ардак-монархиянын жана коркунуч-зулумдуулуктун негизи деп эсептеген. Үч бийликти бөлүп жатып, ал алардын тен укуктуулугуна келе элек, мыйзам чыгаруу бийлигин жогору деп эсептегендиктен, аткарууну “жаратылышы боюнча чектелген”деген. Ошентсе да, бийликтин бөлүнүшү гана болбостон, алардын өз өз ара кармоосу да болушу керек-деген абдан маанилүү принцип чыгарган. Өзүнүн иштеринде ”ар кандай бийлик өз ара бири бирин кармап туруусу үчүн буюмдардын ирээти” керектигин көрсөткөн. Мыйзам чыгаруу башкаруу түрүнөн көз каранды деген Монтескьюнун башкы оюнда камтылган. Бир мыйзам демократияда керек болсо, башка түрлөргө жарабайт. Демократияда топтолгон байлыкты бир колго бекитүү жана мураскорлорго тен укутуулукту ортотуу туура көрүлөт. Монархияда ири мүлкүн сактап калуусуна, колдоп жардам берүүсүнө бир шарт бар, эгер дворян күчү бар жана экономикалык жактан күчтүү болусу зарыл. Монархияда сот кызматтык орундун сатылуусу керектиги менен падышанын өзүм билемдигинен көз каранды эместикти камсыз кылат. Ошондой эле ал башкаруу түрүн тандоодо, мамлекеттин наркына маани берет. Кичи өлкөлөр мындай ички басымдуулуктан курман болушу мүмкүн; чоң монархия душманга жакшы туруштук бере алат, бирок ички бузулууга дуушар болот, себеби чон мамлекеттер зулумдукка жакын. Ал чон мамлекеттердин жана кичине мамлекеттеринин артыкчылыгынан келип чыккан кирешесин бириктирген федеративдүү мамлекеттерди түзүүнүн планын сунуштаган.

Он сегизинчи кылымдын жарымында жашаган эн көрүнүктүү демократ Томас Пейндин мамлекеттин башкаруу түрүнө өз көз карашы болгон. Ал башкаруу түрүн экиге айырмалаган: 1) өкүлдүктөгү (республика) жана шайлоодо башкаруу жана 2) мураскорлукка өткөрүлүп берилген бийлик (монархия жана аристократия). М.К.Керимбаев белгилеп кеткендей, Пейндин иштеринде, мураскорлук башкаруу системасы монархияга болгон жек көрүүсү кызыл жип аркылуу өтөт. Ал, бир да өзүнчө инсан, бир да үй-бүлө өз бийлигин орнотууга жана бийликти мураскорлукка өткөрүп берүүгө укугу жок, себеби мураскорлук табиятынан зулум, тен укуктуулук принциптерине жана табиятына каршы келет деп эсептеген.

Башкаруунун түрүнүн айкалышкан эки элементинен аралаш башкаруу түрү курулат, бул түргө Пейн Англиядагы башкаруу түрүн кошкон. Аралаш башкаруу түрлөрүндө кай бирөөнүн жоопкерчилиги тууралуу айтууга мүмкүн эмес, ал Англияда "падыша жаман нерсе кыла албайт" деген принциптери менен мамлекет башчысын жоопкерчиликсиз акыбалга коет, кем акыл жана акылсыз адамдардын акыбалына теңеп көрсөткөн. Падышанын жоопкерчилиги, парламентке жоопкерчиликтүү министрге өтөт. Ошентсе да, падыша сатып алуу жолу менен, кызмат орундарын таратуу менен жана пенсиялар аркылуу парламентти башкара алат. Андан тышкары парламенттин көпчүлүгү падышага таянып, актана алат.

"Республикалык башкаруу, коомдун кызыкчылыгын өз алдынча жана коллективдин кызыкчылыгын ишке ашырган башкаруу түрү "- деп жазган Пейн.

Адабиятта аталган критерийлерден башка, мындайча айтканда юридикалык критерийлер да кеңири жайылган. Жалпы макулдугу менен алардын манызы, башкаруу классификациясынын түрлөрүнүн процессинин башына сандык же аркандай башка факторлорго такалган, юридикалык акыбылы (статус) болсо, жогорку мамлекеттик органдар жана "башкаруучулар".

В.М. Хвостов башкаруу түрлөрүн классификациалоону мындайча караган: башкы мамлекеттин бөлүнүшү мамлекеттеги жогорку органдардын касиеттеринен көз каранды. Ошол эле учурда, мамлекеттеги орган жогорку орган деп аталат: 1)мамлекеттик механизмди кыймылга келтирет жана кыймылды колдойт жана, 2)бийликке баш ийген мамлекеттеги мыйзам жана тартиптин өзгөрүсүүнө чара көрөт. Ошол көз караштын натыйжасында, мамлекеттин эки эң башкы түрлөрүн: монархия жана республиканы алабыз. Эгер жогорку органдын каалоосу бир гана адамдын каалоосу болсо, анда монархия бар; эгерде жогорку органда адамдар коллегиясы болсо анда ал - республика. Бул бөлүнүштөгү кырдаалда эч каршылаш жок, республикадагыдай жогорку орган тутумунда бир жүздүү орган - президент болушу мүмкүн, республиканын президенти жогору айтылып кеткен мааниде мамлекеттин жогорку органы эмес, монарх гана жогорку органда мындай касиетке ээ. Себеби президент өзүнүн иш-аракеттерине жооп берет, монарх болсо жоопкерчиликсиз; конституция президенттин макулдугу жок эле өзгөрө алат, ал эми монархияда монархка тиешелүү гана мыйзамдын беренелери гана өзгөрүүсү мүмкүн, монархка чара колдонууга муктаж; аягында республикалар палатасында президент тарабынан чакыруусу жок эле чогулушса болот, ал эми монархияда парламент монархтын гана макулдугу менен чакыра алат [12,56].

Тандоочуулук жана мураскорчулук мамлекеттин башкаруу түрлөрү республикаларга жана монархияга бөлүнүү критерийлери сыяктуу алардын далилдери бийликтин башындагы өкмөт башчысынын шашылыш келүүсүнө республиканын шарттары жана шашылышка жараша шарттары – монархия менен органикалык түрдө айкалышып турат. Берилген критейлер көптөр сыяктуу эле, формалдуу-юридикалык мүнөзгө ээ, анткени чыныгы жашоодо баардыгы тескерисинче болушу мүмкүн. Өкмөттүн ар кандай юридикалык акыбалы, башкаруу түрлөрүн классификациялоодо ачык көрүнөт, бир катар авторлордун оюу боюнча, республиканын шарттары боюнча элдин, улуттун, парламенттин ж.б. алдындагы жоопкерчилик жана монархиянын болуусундагы шарттарда – жоопкерсиздик. Республика шарттарындагы юридикалык жагдайды алып жүрүүчү менен монархиянын айырмачылыгы, ишкана жана мамлекеттик жогорку жана жергиликтүү иш жүргүзүүдө республикада коллегиялдык принциптери колдонулат, монархияда бир жүздүүлүк.

И.В.Столяров баардык мамлекеттик башкаруу түрлөрүн үч класска бөлүштүргөн: монократия, олигократия жана исокократия. Олигократия (грек тилинен oligos-көпчүлүк эмес жана kratos-бийлик) бул башкаруу түрүндө гонорант чектелген сословия өкүлдөрүнүн суфражисттердин арасынан чогуу тандалышы менен мүнөздөлөт. Исократия-(грек сөзүнөн – тен бийлик,тен укуктуулук) - баардык жашы жете электер суфражист боло алат [9, 1].

Денисовдун оюу боюнча мамлекеттин түрүн жалпы жана тар мааниде анализдөө зарыл: биринчи учурда, бул башкаруунун образы жана мамлекеттик түзмөк, а экинчи учурда жөн гана башкаруу түрү [4, 11].

Д.М. Худолей жаны башкаруу түрүн гибриддик деп бөлгөн. Ошону менен бирге гибриддик башкаруу түрү бул ар кандай жана ар түрлүү монархия жана республиканын касиеттеринин айкалышы экенин көрсөткөн. Ал дуалисттике ордук кылган, дуалисттик монархия, парламенттике оордук кылган дуалисттик монархия, абсолюттукка оордук кылган дуалисттик монархиясы жөнүндө айткан. Гибриддик республикалардын арасында, ал аралашка оордукту парламенттик республиканы өзүнчө бөлөт (күчтүү президенттин бийлиги бар ,парламенттик республика), аралаш республикалар ( күчтүү парламенти бар аралаш республикалар), аралаш республикалар супер президенттик (күчтүү президенти бар аралаш республикалар) га оордук кылган парламенттик [12, 58].

"Башкаруу түрлөрүн аныктоодо, өкмөт башчысынын юридикалык даражада классифиациялык мааниси бар экени, жана көз карандысыз чечим чыгарышынын мүмкүнчүлүгү" - деп жазат И.Н. Гелиева. Бул катнашта башкаруу түрлөрүнүн айырмасы айдан ачык болот: президенттик республикада мамлекет башчысы, жалпы мамлекеттин кызыкчылыгын жетектеп, өзүнүн бийлигинин негизинде, парламенттик республикада мамлекет башчысы парламенттин макулдугу менен жана өзүнүн макулдук тактоосу менен (контрасигнация) юридикалык жактан иш алып бара алат, ошонусу менен аны өкмөттүк өз алдынча иш алып баруусунан ажыратат. Аралаш тибиндеги республикаларда, өкмөттүк контрасигнацияга карабаган чечимдерди чыгаруу өкмөт башчысынын өз эрки. Ушундай максат менен башкаруу түрүнүн мамлекеттик башкарууда өкмөт башчысынын бийлик укуктарын ишке ашырууда юридикалык өз алдынчалык даражасы негизги чектөө критерийи болот, өкмөттүн катышуусу менен өкмөт башчысынын актарына юридикалык күч берилет [3, 7].

С.К.Бостан, украиналык окумуштуу, монархиялык түргө республиканы эмес, аны менен парламенттик жана президенттикти полиархикалык башкарууну, аны менен каршылаш кылат [1, 65]..

В.А.Четвернин В.С. Нересянцтын коллективдик жалпы редакциялоосунда, паламенттик жана парламенттик монархиянын ортосунда принциптүү айырмачылык кылбайт. "Парламенттик монархиядагы бийликтин бөлүнүүсүнүн тутуму, паламенттик республикалардан (Фрг, Италия ж.б) эч айырмаланбайт" - деп жазат ал. Жогорку мамлекеттик органдардын көз карашынан пайда болгон бир формалдык айырмачылык бар: өлкөдө номиналдуу мамлекет башчысы-президент-жогорку парламент палатасы аркылуу белгиленген мөөнөткө шайланат; монархияда болсо такты мураска алуу ирээтинде, номиналдуу мамлекет башчысы боло алат. Бирок, чыныгы бийлик укугунун бөлүнүшүнүг көз карашы боюнча номиналдык өкмөт башчысы шайланабы же жокпу баары бир. Анткени бул эки учурда тен, чыныгы бийлик укуктары жок конституциялык-укутуктуу фигура жөнүндө сөз болуп жатат, мааниси боюнча номиналдуу монархиялык жана республикалык парламенттик башкаруу түрлөрүнүн ортосунда эч айырмачылык деле жок. Парламенттик монархияны жана парламенттик республиканы "парламенттик өлкөлөр же "парламенттик башкаруу түрү бар" өлкөлөр деген бир термин менен бириктирген. Биздин көз караш боюнча, эки башка башкаруу түрүнүн биригүүсү логикага туура келбейт, себеби бар болгон классификацилыкка чон баш аламандыкты алып келет жана чындыгында эки башка мамлекеттик-укуктук көрүнүштү аралаштырат: монархия жана республиканы. Анын позициясы монархтын реалдуу бийликтен ажыроосунан негизделген, конституциялык жактан көп маселерди чечуусу мүмкүн болгонуна карабастан, контрасигнатура институтунан чектелген. Контрасигнатура институту чындыгында, монархтын кол тамгасын жана башка мамлекет башчысынын жана парламенттин кол тамгасын премьер – министрдин жана башка бийлиги бар министрдин кол коюуусу менен иш кагаздарга юридикалык күч берет. Бирок, бир жагынан, монарх иш кагазга кол койбосо, премьер-министр эч нерсе деп айта албайт, жана иш кагаз эч качан күчүнө кирбейт. Премьер-министрдин монархка карата

басымдуулук рычагы болбойт. Ошондуктан,монархтын бийликке толук укугу жоктугуна карабастан, монарх мамлекет башкаруусунда эн маанилуу элемент болуп саналат.

В.С. Пушкарев классикалык (типтүү) жана классикалык эмес (типтүү эмес, аралаш) башкаруу түрлөрүнө бөлүүнү сунуштайт. “Классикалык башкаруу түрү – бул орун алган теориялардын жана ачык көрсөтүлгөн касиеттери жана укуктук катнаш бар болуусу” - деп жазат. Типтүү эмес башкаруу түрү-өзү менен мамлекеттин жана укуктун жалпы теориясын, мамлекеттик бийликтин суфражисттерден гоноранттарга өтүүсүн ушинтип мүнөздөгөн, жана акыркы ага байланыштуу ич ара катнаш мүнөзү, башкаруу түрүнүн касиеттери менен аралашуусу болот. Мындай укуктук катнашта бир эле структурада ар кандай классикалык укуктук катнаштар камтылат [8, 40].

А.Э.Калинович башкаруу түрлөрүн классификациялоодо өзүнүн классификациясын сунуштайт. Анын сунушун карап чыксак, баардык башкаруу түрлөрү: укуксуз мамлекетке кирген бир бийликтүү түргө жана бийликтин бөлүүнүсүнөн пайда болгон – башкаруу түргө бөлүнүт. Бийликтин бөлүнүшүнүн негизинде пайда болгон башкаруу түрүнө дуалисттик, парламенттик жана аралаш (дуалисттик-парламнттик) башкаруу түрлөрү, өзүнө туура келген монархияны жана республиканы камтыган. Дал ушул башкаруу түрлөрү укуктук мамлекетке кирет, ушундайча бийликтин бөлүнүүсү укуктук жана укуксуз башкаруу түрүнүн айырмачылык критерийи болот [7, 11].

Мамлекет жана укуктун башкы маселе теориясына критика менен караган,окумуштуу В.В.Иванов сегиз башкаруу түрүн бөлүп кароону сунуштайт:

1)деспоттук, 2)өлкө-парламенттик, 3)парламенттик, 4)президенттик, 5)президенттик-парламенттик, 6)централисттик, 7)богословдук, 8)“народная”(мамлекет масс).

Биринчисинен башка баардык түрлөр, жеке улутту болжолдойт. Бирок зулум мамлекеттерди башкаларга каршылуука жана “зулум эместерди” бир группага (типке,түргө) кошууну зарыл деп эсептебейт, анткени алардын ортосунда бир кыйла айырмачылык бар. Бийликтин бөлүнүү принциптеринин жана парламентаризмдин: парламенттик-өкмөттүк парламенттик, парламенттик-директориалдык, президенттик жана президенттик-парламенттик [5, 13] негизинде гана башкаруу түрлөрүн бириктирүүгө болот. Ал ошондой эле ойлойт жана ага макул болууга аргасызбыз, башкаруу түрлөрүнүн монархиялыкка жана республикалыкка бөлүнүшү, илимий жактан да, практикалык муктаждыкты да канааттандырбайт. Бизге заманбап убакыттын окуяларына жараша жаңы классификация керек.

### Адабияттар тизмеси


1. Бостан С.К. Форма правлення сучастной держави: тарых маселелери, теориялар, практикалар, монография [Текст] / С.К.Бостан. – Запорожье: 2005. – 194 с.
2. Венгеров А.Б. Мамлекет жана укуктун теориялары [Текст] / А.Б. Венгеров. – Москва: 2005. – 328 б.
3. Гелиева И.Н. Россиядагы башкаруу түрлөрү: конституция-укуктук анализ [Текст] / И.Н.Гелиева // Дисс.канд.юрид.наук. – Краснодар: 2008. - 263 б.
4. Денисов А.И. Мамлекеттин түрү жана негизи [Текст] / А.И.Денисов. – Москва: 1960. - 362 б.
5. Иванов В.В. Мамлекеттин заманбап теориясына сын [Текст] / В.В.Иванов. – Москва: 2008. - 270 б.
6. Кадырова Ч.А. Кыргыз республикасындагы башкаруу түрүнүн болуусу жана өнүгүшү (тарыхый-укуктук аспект) [Текст] / Ч.А.Кадырова // Автореферат диссертации кандидата юридических наук. – Ош: 2014. - 26 б.
7. Калинович А.Э. Укуктук мамлекетте башкаруу түрлөрү, теориялык-укуктук аспект [Текст] / А.Э.Калинович // Дисс.... канд. юрид. наук. - СПб: 2008. - 167 б.
8. Пушкарев С.В. Башкаруу түрү-өзгөчө түзүлүш укуктук катнашта [Текст] / С.В.Пушкарев // Бизнес мыйзамда. - 2011. - №4.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

9. Столяров И.В. Мамлекеттин системалык морфологиясына кириш сөз [Текст] / И.В.Столяров // Мамлекет жана укук. - 2003. - №8. - Б.1.

10. Мамлекет жана укук теориялары [Текст] /под ред. Г.Н.Манова. – Москва: 1995. - 296 б.

11. Хвостов В.М.Жалпы укук теориясы [Текст] / В.М.Хвостов. – Москва: 2014. - 560 б.

12. Худолей Д.М. Башкы, гибриддүү жана атипикалык башкаруу түрлөрү [Текст] / Д.М.Худолей // Пермь жогорку окуу жайы. Вестник. - 2010. - №4. - 58 б.